Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму

Европалык регионалдык бюросу

# Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму Кыргызстанда



## Негизги сөздөр

WORLD HEALTH ORGANIZATION
KYRGYZSTAN
COUNTRY FOCUS
UNIVERSAL HEALTH COVERAGE
SUSTAINABLE DEVELOPMENT GOALS
HEALTH SYSTEM STRENGTHENING
VULNERABLE POPULATIONS
EMERGENCY PREPAREDNESS AND RESPONSE
NONCOMMUNICABLE DISEASES

Сүрөттөр:
Басылманын барактары 2, 3, 6, 7, 8 © WHO; Басылманын барактары 1, 2, 3, 4, 5, 6, 9, 11, 12, 13 © WHO/Михаил Григорьев;
Басылманын барагы 7 © Johanna M Habicht

**Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун (ДССУ) Европалык регионалдык бюросунун публикацияларына суроо-талаптар төмөндөгү дарекке багытталышы керек:**

Publications
WHO Regional Office for Europe
UN City, Marmorvej 51
DK-2100 Copenhagen Ø, Denmark

Мындан тышкары, документтерге, саламаттык сактоого байланышкан кошумча маалымат , үзүндүгө уруксат алуу же ДССУнун документтерин которуу үчүн аймактык сайтында онлайн толтуруп уруксат алса болот: http://www.euro.who.int/PubRequest?language=Russian.

## © Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму, 2018 жыл

Бардык укуктар корголгон. Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун (ДССУ) Европалык регионалдык бюросунуна таандык болгон публикацияларын кайра чыгарууга же жарым-жартылай же толугу менен которууга уруксат өтүнүчүн кабыл алууга даяр.

Бул жарыяланган жана материалдык чагылдыруудагы колдонулган белгилөөлөр кандайдыр бир өлкөнүн, территориянын, шаардын, региондун же алардын чек-араларынын чектерин аныктоого карата укуктук статусуна тиешелүү болгон Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун кандайдыр бир көз караштарын чагылдырбайт. Карталарда белгиленген ченештер болжол менен чек ара линияларын билдирет жана алар толук макулдашуулукка жетише элек.

Конкреттүү компаниялардын же өндүрүүчүлөрдүн продукцияларынын артыкчылыктары текстте көрсөтүлгөн эмес, ушундай эле мүнөздөгү башкаларга артыкчылык Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму тарабынан жактырылган же сунушталган деген сөз эмес. Өзгөчө учурларда каталар жана калтырып кетүүлөр бар, мүлктүк буюмдардын аттары алгачкы баш тамгалар менен айырмаланып турат.

Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму бул басылмада камтылган маалыматтарды текшерүү үчүн бардык акылга сыярлык чараларды кабыл алды. Бирок, жарыяланган материал түз же кыйыр кепилдик жок таратылып жатканын билдирет. Материалдагы маалыматтарды чечмелөөдө жана пайдаланууда жоопкерчилик окурмандарда жатат. Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму, кандай жагдай болбосун, аны пайдалануудан келип чыккан зыян үчүн жоопкерчилик тартпайт. Жазуучулар, редакторлор же эксперттик топтор тарабынан айтылган пикирлер сөзсүз эле Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун расмий саясатын чагылдырбайт.



Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму (ДССУ) БУУ тутумунун алкагында коомдук саламаттык сактоо жаатындагы эл аралык ишмердүүлүккө багыт берүүчү жана координациялоочу орган болуп саналат.

Биз 194 мүчө мамлекеттин Өкмөттөрү менен жалпы калктын дени сак болушунун эң бийик деңгээлин камсыздоо максатында кызматташабыз. ДССУ 1948-жылы негизделген. Бүгүнкү күндө 7 миңден ашуун адам 150 өлкөлүк бюролор менен кеңселердин, 6 аймактык бюронун жана ДССУнун Женевадагы штаб-квартирасынын кызматкерлери болуп эмгектенип жатышат. ДССУнун Уставында белгиленгендей, биз ишибизде ден-соолук адамдын негизги укугу болуп саналат жана ал жалпыга таандык жана бирдей тең укуктуулукта жеткиликтүү болушу керек деген принципти жетекчиликке алабыз.
Кыргызстан ДССУнун Европалык аймагына (ЕАБ) кирет, бул аймак өзүнө 53 өлкөнү жана Атлантика океанынан тартып Тынч океанына чейинки зор географиялык мейкиндикти камтыйт. ДССУ ЕАБ жамааты Копенгагендеги (Дания) башкы кеңседе, 5 техникалык борбордо, ошондой эле 29 мүчө мамлекетте жайгашкан өлкөлүк кеңселерде иш алпарган коомдук саламаттык сактоонун илимий-техникалык маселелери жана аспектилери боюнча адистерден турат.



Биз Кыргызстандын Өкмөтүн 1992-жылы өлкө ДССУга мүчө болуп киргенден тартып 25 жылдан бери колдоп келе жатабыз. Максатыбыз – Кыргызстандын калкы үчүн мыкты жана дени сак келечек куруп берүү болуп саналат.



# ДССУ ишмердүүлүгү

Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун негизги ролу БУУ тутумунун алкагында коомдук саламаттык сактоо жаатындагы эл аралык ишмердүүлүктү төмөнкүлөрдүн эсебинен жетектөөдө жана координациялоодо турат:

- саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү актуалдуу маселелер боюнча лидерликти камсыздоо
- этикалык принциптердин жана иш жүзүндөгү маалыматтардын негизинде саясаттын варианттарын иштеп чыгуу
- ченемдер менен стандарттарды бекитүү, алардын сакталышына көмөктөшүү жана колдонулушуна көзөмөл кылуу
- билим алууга, кайра түзүүгө жана аны жайылтууга дем берүү
- туруктуу институционалдык дараметти түзүү
- саламаттык сактоонун абалына көз салып туруу жана бул чөйрөдөгү тенденцияларды баалоо
- өзгөчө кырдаалдарга даярдыкты күчөтүүгө жана жооп чараларды даярдоону колдоо
- изилдөөлөр чөйрөсүндөгү маселелерди түзүү







# Биздин өнөктөштөрүбүз

Кыргызстанда биз төмөнкүлөр менен тыгыз кызматташтыкта иштейбиз:

- улуттук бийлик органдары жана кызыкдар тараптар
- жарандык коом уюмдары
- медициналык кызматкерлер
- академиялык мекемелер
- өкмөттөр жана эл аралык уюмдар

# ДССУ – өмүрлөрдү сактоо жана жалпы баарынын ден-соолугун камсыздоо



*«Ден-соолук – бул адамдын укугу. Эч ким жакыр болгону үчүн, же өзү муктаж болгон медициналык кызматтан пайдалана албагандыгы үчүн эле оорун же өлүмгө дуушар болуп калбашы керек».*

**Доктор Тедрос Адханом Гебрейесус,**

**ДССУ Башкы директору**



Саламаттык сактоонун Дүйнөлүк ассамблеясы, 2017-ж.

ДССУнун милдети – дүйнөдөгү коопсуздукту колдоо, ден-соолукту жакшыртуу жана аялуу адамдарга кызмат кылуу.

2017-жылы ДССУ Башкы директорунун кызматына киришкенден тартып Доктор Тедрос Адханом Гебрейесус кайрадан эле Саламаттык сактоо кызмат көрсөтүүлөрүн жалпы камтууга (СКЖК) карата илгерилөө маселесине басым жасады. Саламаттык сактоо кызмат көрсөтүүлөрүнүн жалпыга жеткиликтүү болушунун максаты – ар бир адамга ал өзү муктаж болгон сапаттуу медициналык кызмат көрсөтүүлөр каржылык кыйынчылыктарсыз эле жеткиликтүү болушун камсыздоо болуп саналат.

Уюмдун бардык үч деңгээлинде ДССУ өлкөлөргө өздөрүнүн социалдык, саясий жана экономикалык шарттарынын контекстинде СКЖКга жетүүнүн жеке жолун табууга жардам берет.

# Ден-соолук 2020 – ДССУ аймактык артыкчылыктарды аныктоо

2012-жылы Европа аймагындагы 53 өлкө «Ден-соолук 2020» деп аталган саламаттык сактоо жаатындагы европалык саясаттын алкактык негизин бекитти. Ал ден-соолуктун кызыкчылыгында лидерликти жана стратегиялык жетекчиликти жакшыртуунун эсебинен ден-соолукка карата теңсиздикти азайтууга жана жалпы бардыгы үчүн ден-соолукту жакшыртууга багытталган.



*«Ден-соолук-2020» саламаттык сактоо жана бакубаттуулук кызыкчылыгындагы саясаттын Европалык алкактык негизи Туруктуу өнүгүү максаттары (ТӨМ) менен толук үндөшүп турат жана биздин аймакта ага жетүүгө көмөк көрсөтөт. Биз 2030га киргизилген ден-соолук маселеси ден-соолукка жана бакубаттуулукка карата ТӨМ 3кө караганда көбүрөөк мааниге ээ экендигин билебиз. Ден-соолук башка ТӨМгө жетүүнүн маанилүү бөлүгү жана шыктандыруучу фактору болуп саналат, ал ден-соолуктун татаал, көп пландуу жана көп секторлуу табиятын, анын детерминантын чагылдырат. «Ден-соолук-2020» негизги стратегиялык максаттары алдыга илгерилөө жолун көрсөтүп турат».*

**Доктор Жужанна Якаб,**

**ДССУнун Европа аймактык бюросунун Директору**



«Ден-соолук 2020» саясаттын алкактык негизи стратегиялык иш-аракеттер үчүн төрт артыкчылыктуу жаатты аныктайт:

- адамдын өмүрүнүн бардык этаптарындагы ден-соолугуна инвестициялоо жана жарандардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү
- Европадагы негизги жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын санын азайтуу
- адамдардын муктаждыктарына багытталган саламаттык сактоо тутумдарын, анын ичинде өзгөчө кырдаалдарга даяр туруусун жана жооп кайтаруучу чараларды ишке ашыруу үчүн дараметин бекемдөө
- жергиликтүү жамааттардын туруктуулугун камсыздоо жана чөйрөнүн жагымдуу шарттарын түзүү.

# ДССУ Кыргызстанда



*«ДССУ Өлкөлүк кеңсесинин командасы Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо тутумун трансформациялоо үчүн билим алмашууга көмөктөшүү жана колдоо көрсөтүү ишинин алдыңкы катарында турат. Биз ден-соолук менен туруктуу өнүгүүгө карата бирдей жыйынтыктарды камсыздоо үчүн Саламаттык сактоо кызмат көрсөтүүлөрүнө жалпы камтууга жетишүү жолунда улуттук жана эл аралык мекемелер менен кызматташабыз. Биздин иш-аракеттерибиз саламаттык сактоо тутумун бекемдөө жана саламаттык сактоо тармагында институционалдык дараметти жаратууга, жугуштуу эмес ооруларга байланышкан болочок чакырыктарды чечүүгө, коомдук саламаттык сактоонун даярдыгына инвестициялоого жана калктын аялуу катмарларын колдоого багытталган».*

**Доктор Ярно Хабихт,**

**ДССУ Өкүлү жана ДССУнун Кыргызстандагы кеңсесинин Жетекчиси**




Кыргызстандагы ДССУ өлкөлүк кеңсесинин командасы, 2018-жылдын апрель айы

# Кыргызстанда ден-соолукту жакшыртууга ыктуулук

Кыргызстандагы ДССУ эң жогорку саясий деңгээлде ден-соолук маселелерин илгерилетүүдө, саламаттык сактоонун маанилүү маселелери жөнүндө маалымдоодо жана ар кыл секторлордун субъектилерин ден-соолукту жакшыртуу максатында шыктандырууда маанилүү ролду ойнойт. Биз өнөктөштөрдүн башын кошуп, саламаттык сактоо жаатындагы Туруктуу онүгүү максаттарына (ТӨМ) жетүү жолунда БУУ Агенттиктеринин лидерик катары иш алпаруудабыз.

Аймактык жана глобалдык техникалык бөлүмдөр менен тыгыз кызматташтыкта  болуунун аркасында өлкөлүк команда уюмдун бардык үч деңгээлиндеги техникалык экспертизага таянат. Өлкө деңгээлиндеги күчтүү кызыкдарлык жана дарамет биздин колдообуздун актуалдуулугун жана натыйжалуулугун камсыздай тургандыгын белгилеп коюу маанилүү болуп саналат. ДССУ глобалдык түйүнү башка өлкөлөргө Кыргызстандын тажрыйбасын үйрөнүп, мындагы алынган сабактардан өздөрүнө пайдалуу жыйынтыктарды чыгарууга  мүмкүнчүлүк берет.









# ДССУнун Кыргызстандагы стратегиялык ролу

## Ден-соолуктун күн тартибинин биринчи позицияларында болушу



Биргелешкен ишибизге туура өнөктөштөрдү тартуу менен гана кеңири таасир этүүгө жана ден-соолук көрсөткүчтөрүн жакшыртууга жетишсе болот.

Биз ден-соолуктун саясий, социалдык, экономикалык жана коммерциялык детерминаттарын чечүү үчүн ден-соолук маселелери боюнча саясий диалогду уюштуруп, жүргүзүп келебиз. Биз кесипчилик ассоциациялары, парламентарийлер жана жарандык коомдун топторунун арасында коомдук саламаттык сактоону пропагандылоо менен Саламаттык сактоо министрлигинин жана мамлекеттик түзүмдөрдүн чегинен чыгып, саясий күн тартибинде түйүндөрдү түзүп, ден-соолукту бекемдеп келебиз.

*Кыргызстан өзүнүн тармактык программаларын жаңы улуттук өнүгүү стратегиясы 2040 жана глобалдык Туруктуу өнүгүү максаттары (ТӨМ) менен гармониялаштырууга умтулат. Бул стратегиялар адамдарды жакырчылыктан жана теңсиздиктен артта эч кимди калтырбастан алып чыгууга багытталган. ДССУ колдоосу менен саламаттык сактоо сектору ушул кыймылдын көч башында туруп, ТӨМдү ыңгайлаштырууну жана конкреттүү тийиштүү индикаторлорду иштеп чыгууну баштаган алгачкы тармак болуп калды.*

*Эл аралык саламаттык сактоо жаатындагы лидер болуу менен ДССУ 2019-2030-жылдарга карата Улуттук өнүгүү стратегиясы 2040, Өкмөттүн өнүгүү программасы жана “Таза коом” санариптик өзгөрүүлөр боюнча иш-аракеттер планы сыяктуу жогорку деңгээлдеги улуттук программалары бар болочок саламаттык сактоо тармагын координациялоого жана синхрондоштурууга активдүү салым кошууда.*

# Институционалдык дараметти жаратуу





Саламаттык сактоо тутумундагы жана мамлекеттик сектордогу чектелген дарамет прогресске жолтоо болушу ыктымал. Биз Саламаттык сактоо министрлиги менен башка түптүү мекемелердин калкты натыйжалуураак тейлешине жардам берүү менен алардын институционалдык дараметин түзүп жатабыз.

*2016-жылы биздин колдообуз менен Милдеттүү медициналык камсыздоо фонду өз стратегиялык жетекчилигин бекемдөө жана өз сатып алуу жөндөмдүүлүгүн күчөтүү боюнча институционалдык стратегияны иштеп чыкты. Дараметти арттыруу процесси өнүгүп жатат жана өлкө үчүн дени сак келечекти жаратууга жардам берип жаткан убагыбызда ДССУ жетекчилик кылуу жана колдоо ишин улантууда.*

*2017-жылы биз Кыргызстанга коомдук саламаттык сактоонун негизги функцияларын баалоого жардам бердик, анын жыйынтыктары өлкөдөгү саламаттык сактоо кызматтарын бекемдөөгө өбөлгө болот.*

# Мамлекеттик секторду реформалоону жүргүзүү үчүн стратегиялык өнөктөштүктү калыптандыруу



Биз адамдардын ден-соолук боюнча оптималдуу жана адилет натыйжаларга жетүүсүн чектеген көп сандаган кыйынчылыктарды чечтетүү үчүн мамлекеттик секторду реформалоо маселелери боюнча башка уюмдар менен да (Дүйнөлүк банк, БУУ Агенттиктери, Өнүгүү жана кызматташуу боюнча Швейцария агенттиги, ГАВИ жана Глобалдык Фонд сыяктуу) кызматташабыз. Бул жумушубуз иш-аракеттердин координациясын, стратегиялык жетектөөнү жана натыйжалуулугун камсыздайт.

*Эл аралык саламаттык сактоо жаатындагы алдыңкы мекеме болуу менен биз биргелешкен жылдык баяндамаларды даярдайбыз жана тематикалык кеңештемелерди өткөрүп турабыз. Бул стратегиялык жана негиздүү чечимдерди кабыл алуу үчүн саламаттык сактоо жаатындагы стратегияны ишке ашырууну жана саясат маселелери боюнча ырааттуу диалогду колдоо максатында жасалат. Мындай диалогдор ЖЭО сыяктуу маанилүү милдеттерге БУУ тарабынан болгон жамааттык иш-аракеттердин аркасында артыкчылыктуу багыт берүүгө шарт түзөт.*

*2017-жылы дары-дармектерге коюлган талаптардын иш жүзүндө аткарылышын камсыздоодо маанилүү роль ойногон жана дары-дармек каражаттарын жөнгө салуучу улуттук орган (Дары-дармек менен камсыздоо департаменти – ДКД) ДССУ колдоосу менен өз даражетин жогорулатуу максатында өзүн-өзү баалоо ишин жүргүздү. Андан тышкары, ДКД кызматкерлери фармацевтикалык дары-дармектерди жана медициналык багыттагы буюмдарды жөнгө салуунун ар кыл маселелери, анын ичинде – сапатын камсыздоо, дары-дармектердин баасынын ордун толтуруу, бааларды жөнгө салуу, ДССУнун дары-дармек каражаттарын квалификациялоо алдындагы тандап алуусу сыяктуу маселелер боюнча окутуп-үйрөтүүдөн өтүштү.*

# Европа менен Азиянын кесилишинен Чыгышка (жана түштүккө) көз чаптыруу




Биз саламаттык сактоо саясаты менен практикасынын түптүү маселелери боюнча макулдашылган позицияны иштеп чыгуу максатында саламаттык сактоо жаатындагы өнүгүү боюнча бардык өнөктөштөр менен иштешебиз. Саламаттык сактоого глобалдык стратегиялык жетекчилик кылуу геосаясаты өзгөрүүлөргө дуушар болууда жана бул өзгөрүүлөр Кыргызстанга да өз таасирин тийгизүүдө. Кыргызстан көптөгөн демилгелерди ишке ашырууга катышууда, ал “Бир кур – Бир жол” Демилгеси, Евразия экономикалык биримдиги жана Шанхай кызматташтык уюму сындуу бир катар аймактык уюмдардын мүчөсү болуп саналат. Бул кадыр-барктуу уюмдардын бардыгынын ДССУ менен активдүү кызматташтыгы бар. Биздин миссиябыз ушул демилгелерге ден-соолук маселесин кошуп коюуда турат, ал эми өлкөлүк, аймактык жана глобалдык деңгээлде ДССУнун иш алпаруусу туруктуу жана координацияланган ыкмаларды пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет.

*2016-жылы ДССУ колдоосу менен Кыргызстандагы саламаттык сактоо секторун өнүктүрүү максатында расмий жардам берүүнүн алгачкы комплекстүү баалоо жүргүзүлгөн. Бул баалоо саламаттык сактоонун тийиштүү темаларын, чакырыктар менен жетишкендиктерди баяндоону камсыздайт жана жаңы өнөктөштөргө саламаттык сактоо тармагына өз салымын кошууга шык-дем берет.*

# ДССУнун Кыргызстандагы программалык артыкчылыктуу багыттары

Биргелешкен иштин артыкчылыктуу багыттары Кыргызстан менен ДССУнун Европалык аймактык бюросунун ортосундагы эки жылдык биргелешкен келишимдеринде чагылдырылган.

## Жалпы медициналык кызмат көрсөтүүлөр менен камтуу жолунда



СКЖКга инвестиция салган өлкөлөр өз элинин узак мөөнөттүү гүлдөп-өнүгүүсүнө инвестиция салып жатышат десек болот. Сапаттуу медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүү болушу жана каржылык коргоо адамдардын ден-соолугун жакшыртып, өмүрлөрүн узартат, өлкөлөрдү эпидемиялардан коргойт, жакырчылык менен ачарчылык тобокелдиктерин азайтат, жумушчу орундарын түзүп, экономикалык өсүшкө шык-дем берет жана медициналык кызмат көрсөтүүлөргө баары теңдеш камтылышын камсыздайт. Биз Кыргызстанда СКЖК боюнча жогорку деңгээлдеги саясий диалогду илгерилетип, колдоого алабыз, ал төмөнкү багыттарды өзүнө камтыйт:

- стратегиялык жетекчилик
- саламаттык сактоону каржылоо
- медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты
- саламаттык сактоонун кадрлары
- негизги дары-дармектердин жеткиликтүү болушу
- коомдук саламаттык сактоонун кызмат көрсөтүүлөрү
- саламаттык сактоонун маалыматтык тутумдары

***ДССУ: Стратегиялык жетекчиликти колдоо***

*2017-жылы Жогорку Кеңеш өмүр үчүн маанилүү болгон дары-дармек каражаттарынын көбүрөөк жеткиликтүү болушун камсыздоо максатында ченемдик-укуктук актылардын жаңы топтомун бекитти жана бул Кыргызстандын СКЖКга жетишүү жолунда кыйла ийгиликтерге жетишүүсүнө өбөлгө болуп берди. Рынокту сапатсыз продукциядан коргоо үчүн киргизилген механизмдер жана пост-маркетингдик көзөмөл чаралары рыноктогу дары-дармектердин натыйжалуулугуна жана терс таасирлерине мониторинг жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет. 2018-жылы өмүр үчүн маанилүү болгон дары-дармек каражаттарынын тизмеси жаңыртылды жана анын быйылкы жылдын аягына чейин Өкмөт тарабынан бекитилиши күтүлүүдө.*

***ДССУ: Саламаттык сактоону каржылоону колдоо***

*Улуттук саламаттык сактоо органдарынын калкты каржылык коргоону камсыздоонун зарылдыгы жөнүндө маалыматын жогорулатуу үчүн ДССУ калктын медициналык жардам алуу учурундагы каржылык чыгымдарын изилдеп чыкты. Бул изилдөөлөр СКЖКга карата саясий диалогдун өзөгүн түзүшөт.*

## Жугуштуу эмес оорулардын алдын алуу жана аларга каршы күрөшүү

Жүрөк-кан тамыр жана өпкө оорулары, рак жана диабет сыяктуу жугуштуу эмес оорулар (ЖЭО) Кыргызстандын калкынын арасындагы өлүмгө дуушар болуунун негизги себеби болуп саналат. ЖЭО менен күрөшүү өлкөнүн күн тартибиндеги эң орчундуу пункттарынын бири болуп саналат.



Бул жаатта биз төмөнкүлөрдүн үстүндө иш алпарабыз:

- ЖЭО социалдык, экологиялык жана экономикалык детерминанттарын чечүү үчүн мамлекеттик түзүмдөрдүн алкагындагы саясий диалогго көмөктөшүү
- адамдарды тобокелдик факторлорунун таасиринен коргогон жоболорду илгерилетүү
- Адамдардын ЖЭО тобокелдик факторлору жөнүндө маалыматын жогорулатуу жана далилдик базасын топтоо
- кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу.

***ДССУ иш-аракетте: Тобокелдиктерди аныктоо жана чечимдерге басым жасоо***

*ДССУнун колдоосу менен Кыргызстан оорууга чалдыгуу факторлору, дарылоо жана кам көрүү жөнүндө кеңири маалымат базасын түздү. Биз өлкөлөрдүн алгачкы медициналык жардам көрсөтүү мекемелеринде ЖЭО тобокелдигинин негизги фактору катары болгон гипертонияга чалдыккан учурларда медициналык жардам көрсөтүү моделдерин пилоттоштурууга жардам беребиз. 2016-жылы биз инфаркт менен инсультка кабылган бейтаптарга кызмат көрсөтүүнү талдап чыктык, ал эми азыркы тапта жеткиликтүү жана натыйжалуу дарылоону жана кам көрүүнү камсыздоо боюнча жол картасын иштеп чыгууга колдоо көрсөтүп жатабыз.*

***ДССУ: Жөнгө салууга көмөктөшүү, өмүрлөрдү сактоо***

*Кыргызстандын тамеки тартууга каршы күрөшүнө жардам берүү үчүн биз тамекиге каршы күрөшүү боюнча улуттук программаны ишке ашырууга жана 2012-жылы башталган Тамеки тартууга каршы күрөшүү боюнча алкактык конвенциянын талаптарын сактоо боюнча диалогго такай колдоо көрсөтүп келе жатабыз.*

# Ден-соолуктун коопсуздугун камсыздоо



Кыргызстандагы ишмердүүлүгүбүздө коомдук саламаттык сактоонун даяр туруусун жана өзгөчө кырдаалдарга натыйжалуу жооп кайтаруусун камсыздоо иши маанилүү ролду ойнойт. Биздин артыкчылыктуу багыттарыбыз:

- эл аралык медико-санитардык эрежелерди (2005) коомдук саламаттык сактоодогу эпидемиялардын алдын алуу жана аларга жооп кайтаруу максатында ишке ашыруу
- тез жайылып кетүүчү ооруларга, анын ичинде сасык тумоонун пандемиясына даяр туруу
- эмдөө менен алдын алса боло турган оорулар
- микробго каршы дары-дармек таасир этпей калышынын алдын алуу

***ДССУ: Лабораториянын дараметин күчөтүү***

*Лабораториялар оорулардын алдын алууда, аларды аныктоодо жана аларга көзөмөл кылууда маанилүү ролду ойнойт. 2015-жылдан тартып Кыргызстан ДССУнун "мыкты лабораториялар – бекем ден-соолук" демилгесин ишке ашыра баштады. Бул демилгенин алкагында биз саясатты иштеп чыгууга, улуттук жана эл аралык сапаттуулук стандарттарын ишке киргизүүгө жана жүзөгө ашырууга, лабораториялык кызмат көрсөтүүлөрдү бекемдөөгө жана лабораториялардын адистерин окутуп-үйрөтүүгө кошкон өз салымыбыздын эсебинен лабораториялардын улуттук дараметин арттырууга жардам беребиз.*

***ДССУ: Саламаттык сактоо жаатындагы өзгөчө кырдаалдарга даяр турууну жакшыртуу***

*ДССУ Кыргызстанда Эл аралык медико-манитардык эрежелерди (ЭМСЭ) кеңири ишке киргизүүгө көмөктөшөт.*
*2016: ЭМСЭ функцияларын биргелешип сырттан баалоо өткөрүлдү;*
*2017: өлкөдө коомдук саламаттык сактоо жаатындагы өзгөчө кырдаалдар боюнча иш-аракеттер планы иштелип чыкты;*
*2018: дараметти арттыруу боюнча симуляциялык окуулар менен иш-чаралар улантылууда*

# Калктын аялуу катмарларына кызмат көрсөтүү жана теңсиздикти жоюу



Кыргызстан – ден-соолукка карата теңсиздик өтө айкын байкалган өлкө. Өкмөт жана өнүгүү боюнча өнөктөштөр менен калктын аялуу топторунун мүнөздөмөсү, аялуулук аспекти жана жеткиликтүү болууга тоскоолдуктар жөнүндөгү саясат маселелери боюнча диалогду маалымдоону камсыздоо биздин стратегиялык программалык артыкчылыктуу багытыбыз болуп саналат.

***ДССУ: Ден-соолукка карата теңсиздикти четтетүү***

*2015-2016-жылдары ДССУ пилоттук долбоордун алкагында айыл жергесиндеги жана алыскы райондордогу алгачкы медико-санитардык жардам деңгээлинде акушер медайымдарга медициналык бойдон алдырууну үйрөтүү ишин өткөрдү. Бул медициналык бойдон алдырууну мурдагыдан да коопсуз жана жеткиликтүү кылууга багытталган. Биз оң натыйжаларды чечим кабыл алуучу адамдарды жалпы өлкө боюнча аялдарга репродуктивдүү саламаттыкты коргоо боюнча акушер медайымдар тарабынан кызмат көрсөтүлүшүн кеңейтүү ыкмаларын изилдөөнү баштоого ынандыруу үчүн пайдаландык.*

***ДССУ: Жугуштуу оорулар менен күрөшүү***

*Биз саламаттык сактоонун улуттук органдарына кургак учук, гепатит жана АИВ/ЖИКС ооруларынын алдын алуу жана аларга каршы күрөшүүнүн стратегияларын иштеп чыгууга, эпидкөзөмөл тутумун өркүндөтүүгө жана тестирлөө менен дарылоо протоколдорун талдоого жардамдашабыз. Безгекке каршы комплекстүү иш-чаралардын аркасында жана эпидкөзөмөл тутумун бекемдөөнүн натыйжасында 2016-жылы ДССУ Кыргызстанды безгектен эркин болгон өлкө деп сертификациялады.*

Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун
Европалык регионалдык бюросу

Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму (ДССУ) – Бириккен Улуттар Уюмунун тутумунун алкагында эл аралык саламаттыкты сактоо жана калктын ден соолугуна кам көргөн адистештирилген мекеме болуп саналат. Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун Европалык регионалдык бюросу дүйнөнүн ар кайсы аймактарында жайгашкан 6 регионалдык бюросунун бирине кирет. Ар бир регионалдык бюро саламаттыкты сактоо көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган жана өз программасына ээ болуп мүчө мамлекеттерге кызмат өтөйт.

Мүчө мамлекеттер

Австрия
Азербайжан
Албания
Андорра
Армения
Беларус
Бельгия
Болгария
Босния жана Герцеговина
Мурдагы Югославия
Македония Республикасы
Венгрия
Германия
Греция
Грузия
Дания
Израил
Ирландия
Исландия
Испания
Италия
Казакстан
Кипр
Кыргызстан
Латвия
Литва
Люксембург
Мальта
Монако
Нидерланды
Норвегия
Польша
Португалия
Молдова Республикасы
Россия Федерациясы
Румыния
Сан-Марино
Сербия
Словакия
Словения
Улуу Британия
Тажикистан
Түркмөнстан
Түркия
Өзбекстан
Украина
Финляндия
Франция
Хорватия
Черногория
Чехия
Швейцария
Швеция
Эстония

www.euro.who.int/kyrgyzstan
eukgz@who.int